DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Абдуллаев Д.Ш., Жумабаева Г.С.*

# ЧАТКАЛ ТОПОНИМИЯСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ПЛАНДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ

*Абдуллаев Д.Ш., Жумабаева Г.С.*

# РАЗВИТИЕ ТОПОНИМИИ ЧАТКАЛА В ИСТОРИЧЕСКОМ ПЛАНЕ

*D.Sh. Abdullaev, G.S. Zhumabaeva*

# THE DEVELOPMENT OF CHATKALA TOPONYMY IN HISTORICAL TERMS

*УДК: 81.373.217*

*Макалада Чаткал району географиялык, тилдик жактан да өзгөчөлүктөргө ээ жана ар бир топоним тилдик элемент катарында тарыхый өнүгүү процессинин жыйынтыгы экендиги, бул өзгөчөлүктөр сөзсүз жер-суу аттарында да чагылдырылгандыгы, Чаткал районунун топонимиясы Чаткал районунда жашаган уруулардын жана жалпы эле кыргыздардын эл катары калыптанышы, тилинин өнүгүшү менен тыгыз байланышта экендиги, Улуу Жибек Жолунун сегменттерин бириктирүүдө топонимдер ажырагыс компонент катары гана кызмат кылып тим болбостон, азыркы күндө изи калбаган тарыхый маанилүү объектилердин схемасын кайрадан калыбына келтирүүдө негиз катарында кызмат кылуусу, Жер-суу объектилеринин планы гана эмес, алардын фонетикалык жана семантикалык курамын калыбына келтирүү бир гана түрк урууларынын тилин тарыхын үйрөнүү менен чектелбестен, жалпы адамзаттын тарыхын үйрөнүүдө олуттуу мааниге ээ экендиги,анткени жер шарынын тарыхында Улуу жибек Жолу деген ат менен белгилүү болгон доор биздин планетабыздын бир бөлүгүнүн картасын гана аныктабастан, адамзат коомунун бир социалдык-экономикалык өнүгүү жоболорун да так көрсөткөндүгү, Улуу Жибек Жолунун курулушу коомдогу соода-сатыка болгон зарылдык гана эмес, лингвистикалык да шарт экендиги менен да илимий мазмунга ээ болору, Анткени Карван, Кербен-Сарай, Сарай, Оттук, Бекет сыяктуу топонимдерди дүйнөнүн картасынан арбын жолуктурууга болору, Чаткал өрөөнүндөгү топонимдердин аталышы, тарыхый жактан калыптанышы, өнүгүүсү жана изилдениши тууралуу маселелер каралат.*

***Негизги сөздөр:** топоним, топонимия, урбоним, хороним, тилдик катмар, тилдик лексика, топонимикалык семантика, тилдик ареал.*

*В статье отмечается, что Чаткальский район имеет географические и языковые особенности, где каждый топоним, как языковой элемент, является результатом исторического развития. Эти особенности неизбежно отражаются в топонимах, топонимии Чаткальского района, формировании племен и кыргызского народа в целом. Развитие языковых топонимов являются не только неотъемлемой составляющей в объединении отрезков Великого шелкового пути, но и основой для реконструкции схемы исторически важных объектов, не оставляющих следов сегодня. Не только план земельных и водных объектов, но и восстановление их фонетической и семантической структуры. Важно не только для изучения истории языка тюркских племен, но и для изучения истории человечества; не только определяет карту части, но и наглядно показывает принципы социально-экономического развития человеческого общества. Строительство Великого шелкового пути будет иметь научное содержание не только как необходимость для торговли в обществе, но и как языковое условие, потому что такие топонимы, как Караван, Кербен-Сарай, Сарай, Оттук, Бекет, можно найти в карте мира.*

***Ключевые слова:** топоним, топонимия, урбаноним, хороним, языковой слой, лингвистический диапазон.*

*The article notes that the Chatkal region has geographical and linguistic features, where each toponym, as a linguistic element, is the result of historical development. These features are inevitably reflected in place names, place names of the Chatkal region, the formation of tribes and the Kyrgyz people as a whole. The development of linguistic toponyms is not only an integral component in uniting the sections of the Great Silk Road, but also the basis for reconstructing the scheme of historically important objects that do not leave traces today. Not only the plan of land and water bodies, but also the restoration of their phonetic and semantic structure. It is important not only for studying the history of the language of the Turkic tribes, but also for studying the history of mankind; not only defines the map of the part, but also clearly shows the principles of socio-economic development of human society. The construction of the Great Silk Road will have scientific content not only as a necessity for trade in society, but also as a linguistic condition, because place names such as Caravan, Kerben-Saray, Saray, Ottuk, Beket can be found in the world map.*

***Key words:** toponym, toponymy, urbanonym, horonym, linguistic layer, linguistic vocabulary, toponymic semantics, toponomastics, linguistic range.*

Чаткал топонимиясынын Улуу Жибек жолу деген ат менен белгилүү болгон тарыхый магистралына жанаша жайланышкандыгы жана эриш аркак өнүгүүсү алгач ирет тарыхый планда тастыкталган. Бул айныксыз маселеде белгилүү тарыхчы А.Н. Бернштам өз пикирин төмөндөгүчө баяндайт: "айтор, бир карaганда элдин башынан өткөргөн тарыхый жактан эбегейсиз маанилүү турмушу биротоло жер алдында кала берип, азыркы кыргыздардын маданиятында, тилинде чагылбай калгандай, изи калбай жоголгон сыяктанат. Бирок кыргыз уруулары байыркы Тян-Шандын маданиятын алып жүрүүчүлөр (носители старой культуры Тянь-шаня) катарында сакталып калган. Булар белгисиз доорлордо азыркы Тян-Шанга келип отурукташкан кыргыз эли. Алар алыскы Энесайдан азыркы Тян-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Шанга орун которушуп, ошондой эле бүтүндөй эки кылым чегинде Тян-Шандын маданий өнүгүү процессине орду толгус салым кошо алышкан" [4]. Демек аталган региондун жер-суу аталыштар системасы жалпы Кыргызстандын ажырагыс бөлүгү жана Чаткал топонимиясынын составында иран, байыркы түрк тили менен байланышкан аталыштарды, б.а. топонимдерди учуратуубуз мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Тарыхый булактарда Чаткал аймагы Кокон хандыгынын карамагында болгондугу айтылат. Окумуштуулар Чаткал өрөөнүндө алгачкы адам отурукташкан издери биздин заманга чейинки VI-II кылымдардан башталат деген пикирди карманышат. X кылымда аталган өрөөндө гүлдөгөн чоң шаар болгонун, XII-XIII кылымдарда бул өрөөндөгү гүлдөгөн шаарлар талкаланып жок болгонун, же кандайдыр бир көчмөндөр ээлеп калганын араб окумуштуулары өз эмгектеринде чагылдырышкан [2;4].

Окумуштуулардын аныктоосу боюнча ондон ашык шаарлар биздин заманга чейин III-VI-VIII кылымдарда Кыргызстандын аймагында жайланышкан маданияттын борбору катарында кызмат кылышкан. Чаткал аймагында археологдор 10дон ашык көрүстөндөн 200дөн ашык мүрзөлөрдү ачышкан. Сактарга таандык мүрзөлөрдөн атактуу адамдарга мүрзө кенен сагана кылып казылып, өзү менен кошо атын, итин, кушун, күңдөрүн коюшкан салты болгон [4].

Чаткал аймагындагы мүрзөлөрдөн табылган буюмдар борбордук Тянь-Шандагы, Жети-Суудагы көчмөндөргө таандык деп изилдөөчүлөр белгилешкен. Бул аталган көрүстөндөргө кийин келген Европалыктар, монгол, калмактар да кошо коюлуп кеткен дешет. Анткени, VIII кылымдарда Чаткалга Батыштан көчүп хиндилер келсе, ошол учурда бул жерде усундардын жашагандыктары маалым [4]. Бул эл көчмөн болушкан ошондой эле аталган элдерге канатташ усундар да жашагандыгын тарыхчылар археологиялык табылгалар аркылуу бүтүм чыгарыщкан [1;4]. Аталган этносторду байыркы сактардын урпактары катарында белгилешкен [2;4]. Белгилүү тарыхчылар А.Н. Бернштам, В.Бартольд Чаткал топонимиясын тикеден-тике изилдөөгө багытталган илимий эмгектерди жаратпаса да, алгачкылардан болуп Чаткал топонимиясына катышы бар тастыкталган материалдарды жыйнаган. Ошондой эле аталган окумуштуулар Чаткал өрөөнүнүн чегиндеги эстеликтердин, тарыхый жерлердин алгачкы топографиялык картасын сунушташкан. Албетте өз кезегинде Н.М. Пржевальский кыргыз топонимиясын изилдөө үчүн келбегендигин эстен чыгарбообуз керек. Анткени окумуштуунун алдында биринчи кезекте кыргыз жерин картага түшүрүү жана этнографиялык курамын үйрөнүү маселеси турган. Кандайдыр бир деңгээлде белгилүү чыгыш таануучу Ч.Валихановдун миссиясын да айтууга болор эле.

Улуу жибек жолунун багытын гана эмес ар бир фрагментин тарыхый чындык катарында негиздөөдө Чаткал топонимиясы тарыхый чындык катарында карала тургандыгы тануу кыйын. Анткени топонимдер аркылуу жалпы Жибек Жолу деп аталган экономикалык магистралынын структурасын гана калыбына келтирбестен, Жибек жолу жөн гана багыттык мааниде эмес, жалпы чөлкөмдүн маданий-экономикалык өсүүсүнө түрткү болгон. Ала турган болсок, *Караван-Сай, Мунаракутун, Кутан, Беркисафед, Чайлама, Пешкадам, Пешайван, Жолчусарай, Төөтамак, Кошкарбан, Чомок, Ортокудук, Бекет, Атсалмак, Айрыбекет, Караваншаар, Каражатак, Тумун, Жеркутан, Жарсайлам* ж.б.

Улуу Жибек Жолунун сегменттерин бириктирүүдө топонимдер ажырагыс компонент катары гана кызмат кылып тим болбостон, азыркы күндө изи калбаган тарыхый маанилүү объектилердин схемасын кайрадан калыбына келтирүүдө негиз катарында кызмат кылат. Жер-суу объектилеринин планы гана эмес, алардын фонетикалык жана семантикалык курамын калыбына келтирүү бир гана түрк урууларынын тилин тарыхын үйрөнүү менен чектелбестен, жалпы адамзаттын тарыхын үйрөнүүдө олуттуу мааниге ээ. Анткени жер шарынын тарыхында Улуу жибек Жолу деген ат менен белгилүү болгон доор биздин планетабыздын бир бөлүгүнүн картасын гана аныктабастан, адамзат коомунун бир социалдык-экономикалык өнүгүү жоболорун да так көрсөтөт. Улуу Жибек Жолунун курулушу коомдогу соода-сатыка болгон зарылдык гана эмес, лингвистикалык да шарт экендиги менен да илимий мазмунга ээ болот. Анткени *Карван, Кербен-Сарай, Сарай, Оттук, Бекет* сыяктуу топонимдерди дүйнөнүн картасынан арбын жолуктурууга болот.

Негизинен **Чаткал, Куба жана Касан** деген урбонимикалык ядронун таасиринде калыптанган Чаткал топонимиясы азыр аябай бай тилдик системага айланган. Жалпы эле түрк дүйнөсү үчүн бул татаал түзүлүштөгү жер-суу аталыштарынын тутуму орду толгус лингвистикалык байлык болуп эсептелет. Ошондой эле аталган аймак өз курамында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусу, басып өткөн жолун камтып, кыргыз элинин жана тилинин өнүгүү этаптарын көрсөтөт.

Чаткал топонимиясынын калыптануусун тарыхый жактан үч ажырагыс этапта бөлүштүрүүгө болот:

1) Чаткал аймагынын географиялык орду жана чыгыштан Тан империясы жана батыш цивилизациясы менен байланыштын жандануусу;

2) Жибек жолунун негизги багыттарынын тарыхый жактан аныкталышы жана лингвистикалык байланыштын пайда болуусу;

3) Чаткал аймагында тилдердин карым-катнашы үчүн тарыхый географиялык ареалдын түзүлүшү.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Б.М. Юнусалиев мындай баяндама бергендигин кайталоого туура келет: «Азыркы Кыргызстандын аймагында кенири жолугуучу айрым топонимдерди Алтай топонимиясынын фактылары менен салыштырма багытта изилдөө илимий жактан бир кыйла алгылыктуу болмокчу. Кыргызстандагы негизги дарыялардын аталыштары Алтайдан алып келинген. Салыштырсак. Чүй бизде жана Алтайда жолугат жана мындай мыйзам ченемдүүлүк **Кара-Кужур, Боом, Күркүрөө, Корумду, Кулунду** өрөөндөрүнө да тиешелүү» [11]. Арийне Кулунду топоними Чаткалда жана азыркы Лейлек районунда да жолугат. Ал эми Корум, Кужур топонимдери азыркы убакта деле Чаткал районда кенири колдонулат жана анын топонимиясындагы байыркы катмарга кирет.

Араб изилдөөчүлөрү VII-VIII-IX кылымдарда Чаткалда самамий мамлекетиндеги *Хайлама* деген шаарды белгилешкен жана Чаткалда өнүккөн индустриялдуу курулуш шаарларды саманийлер курдурат деген жыйынтыкка келишкендиги да айкын. Кийинчерээк бул шаарлар Фергана, Чаткал, Талас менен тыгыз байланышта өнүккөн борбор болгондугун окумуштуулар далилдешкен. Чаткалда *Касан, Ызар, Чечдөбө, Бардан, Чалдыбар* дагы башка эски шаар урандылары азыркы күнгө дейре толук изилденип бүтпөгөн тилке бойдон акырындап жер менен жексен болууда. Демек, Чаткал жергесине кыргыздар I-II кылымдардын аралыгында отурукташа баштаган деп болжолдоп айтууга акыбыз бар. Чаткал районунун топонимиясынын советтик доордо изилденишинин башталышы жана илимий объект катарында колго алынышы кыйыр абалда болсо да жалпы Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий окуялардын жүрүшү менен бирге алдыга жылган. Албетте өз доорунун белгилүү тарыхчылары, географтары жана тилчилери тикеден тике Чаткал районунун топонимиясын изилдөөнү эмгектеринде тикеден-тике көрсөтүшпөсө деле, дагы бир жолу баса белгилөөгө аргасыз болобуз, бул тармакта азыркы күнгө дейре илимий жактан актуалдыгын жана салмагын жоготпогон эмгектер жаралды. А.Н. Бернштам социалдык жана экономикалык жактан болуп жаткан курулуштардын тарыхый-лингвистикалык жактан да маанилүү экендигин белгилеп гана чектелбестен, тилдик өнүттөн талдоого аракеттенген. Окумуштуу айрыкча археологиялык табылгалардагы топонимдерге көнүл бурган жана аларды азыркы мезгилдеги Чаткал районунун топонимиясы менен салыштырып караган. Окумуштуу төмөндөгү маанилүү тарыхый маалыматтарга токтолгон: «Политический же центр округи был перенесен в город Кува, расположенный в равнинной части Ферганы на трассе торгового пути с запада на восток» [4].

Ал эми аталган окумуштуу тарабынан морфемалык жактан талдоого алынган **Кува** топоними, биздин пикирибизче байыркы **Хива** топониминин адаптацияланганган вариантты экендигин унутпообуз абзел.

Э.М. Мурзаев советтик доордогу Кыргызстандын топонимиясы боюнча эмгектери азыркы күнгө чейин өз маанисин жоготкон жок. Анын жалпы эле кыргыз топонимиясына, анын ичинде Кыргызстандын топонимиясынын тарыхый пландагы өнүгүшүнө жана жогорку денгээлде изилденишине кошкон салымы жөнүндө белгилүү тилчи К.К. Конкобаев баса белгилеген [8]. Э.М. Мурзаевдин жалпы Кыргызстандын топонимиясы жана андагы байыркы катмарды ээлеген жер-суу аттары жөнүндө алгылыктуу изилдөөлөрдү жүргүзгөндүгүн Н.Жапаров өз эмгектеринде баса белгилейт [5]. Ошондой эле Э.М. Мурзаев жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый катмарларын жана тарыхый пландагы калыптануусун кенири изилдеген окумуштуулардан болуп саналат. Айрыкча аталган окумуштуунун кыргыз тилиндеги анын ичинде Чаткал районунун топонимиясына мүнөздүү болгон топонимдерге токтолгондугун айтууга арзыйт. Ошондой эле Э.М. Мурзаев Чаткал районунун топонимиясы жана андагы негизги орунду ээлеген байыркы түрк катмарынын башка тилдерге тийгизген таасирин так чагылдырган топонимдерге токтолгон. Ошондой эле аталган окумуштуу **Чат** тополексемасын **Чад** топоними менен байланышы бар деген божомолдоосун ачыктаган. Окумуштуу **Чаткал** топонимиясында кенири жолугуучу **ала** компонентине мындайча токтолот: «комплексная равнина, где выделяются пятна разных почв и растительности; досл. «пестрый», «разноцветный», «пегий» (тюрк.). **Ала** – также тип такыровидных почв Туркмении. Но это последнее слово уже следует связать с термином алан [9]. Албетте, окумуштууну нпикирине толук кошулууга болбойт. Анткени, Чаткал тоолорунан башталган Ала-Бука дарыясын жер кыртышы менен байланыштыруу шектенүүлөрдү туудурмакчы.

Белгилүү тилчи, академик Б.Ө. Орузбаева кыргыз тилиндеги топонимдерге кайрылып, айрым бир топонимдердин морфологиялык түзүлүшүн тарыхый алкактан жанаморфолгиялык жактан терең изилдеген. Академик Б.Ө. Орузбаева айтып жаткан байыркы ***лыг*** формасы азыр деле Чаткал районунун топонимиясына мүнөздүү. Мисалы, *Турналыг, Ачмалыг, Саймалыг, Төөлүг* ж. б.

Азыркы Чаткал районунун чөлкөмүндө орто кылымдардын аралыгында түзүлгөн тилдик абалдын, шарттардын жана иран тилдик катмарынын тарыхый катмар катарында калыптанышы, биринчи кезекте, жогоруда айтылган кыргыз элинин тарыхындагы олуттуу тарыхый жагдай менен тыгыз байланыштуу. Албетте кыргыз элинин иран тилинде сүйлөгөн элдер менен карым-катнашта болгондугу жана кыргыз мам-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



лекетинин курамында иран тилинде сүйлөгөн элдердин жашагандыгы азыркы күндө тарыхый чындык. Ошондой эле белгилүү тарыхчылар С.М. Абрамзон, В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам түрк тилдүү элдер, карлуктар, чагатайлар менен иран тилинде сүйлөгөн урууларды байыркы мезгилден тартып эле социалдык-экономикалык карым-катнашы менен бирге алардын ортосунда болгон тилдик алаканы белгилешкен жана жүйөлүү далилдерди келтиришкен. Мындай далилдер азыркы Чаткалда арбын жолугат. Мисалы **Шарап, Мурап, Поркана, Жойболон** топонимдерин иран тилинен калган тарыхый эстелик экендигин Н. Жапаров белгилейт [5]. Ошондой эле Чаткал районунун топонимиясына мүнөздүү болгон жер-суу аталыштары тарыхый алкактан так бөлүштүрүлүп, К. Конкобаевдин эмгектеринде бир кыйла толук чагылдырылган. К. Конкобаев Чаткал районунун топонимдерине да кайрылган жана бир эле учурда **Жай-Терек** жана **Жайболон** топонимдериндеги жай компоненти иран тилиндеги зой «жер» деген топоним деп белгилейт. Мисалы: «В слове жай находим иранское слово зой «земельный участок», даже весь топоним представляет структуру образования иранских географических названий» [8]. Бирок аталган окумуштуунун пикирине толук бойдон кошулуу опурталдуу деп эсептейбиз. Анткени, Н. Жапаров тарабынан белгиленгендей, байыркы түрк тилиндеги **жай** тополек схемасы иран тилдүү элдер тарабынан өздөштүрүлгөн.

Чаткал районунун чөлкөмүндө жалпы Кыргызстандын Түштүк аймагындагындай эле орто кылымдардагы тилдик ареалдын түзүлүшү жана тилдердин, анын ичинде түрк жана иран тилинде сүйлөгөн элдердин маданий социалдык катышы Улуу Жибек Жолунун географиялык абалы менен да тыгыз байланышта болгон. Анткени Чыгыш менен Батышты, байыркы мамлекеттерди бириктирген экономикалык тармак ар башка системада сүйлөгөн элдердин топонимиясынын гүлдөп өсүшүн шарттаган. Ошондуктан **Караван-Бекет, Кербен, Кербен-Чыптам, Кербенсай** сыяктуу гибриддик топонимдер пайда болгондугуна күбө болобуз.

Азыркы мезгилде кыргыз топонимикасынын стратиграфиялык проблемасы көптөгөн тарыхый, илимий-лингвистикалык, этнографиялык жана кала берсе саясый маселелердин ордосу болуп, коомчулукту кызыктырган илимий маселелерди ачууга активдүү катышууда. Мына ошол себептен кыргыз топонимикасы кыргыз элинин тарыхы менен биргеликте эле негизги маселелерден болуп, кыргыз тил таануу илиминде орчундуу орунду ээледи. Ошондой эле кыргыз ономастары, анын ичинде профессор Ш. Жапаров [6], Д. Исаев [6], С. Умурзаков [10], К.К. Конкобаев [8] сыяктуу белгилүү окумуштуулар жалпы эле кыргыз топонимиясындагы заманбап маселелердин чечилишине өз салымдарын кошушту. Кийинки мезгилде кыргыз топонимиясын изилдеген жаш окумуштуулардын катары улам барган сайын өсүүдө. Мисалы М.Шамшиева Лейлек топонимиясындагы жер-суу аттарынын жасалышындагы мыйзам ченемдерди изилдөө менен кыргыз элинин Орто Азия чөлкөмүндө эн байыркылардан экендигин расмий түрдө тастыктады. Ошондой эле Н.Акматов тарабынан кыргыз элинин сыймыгы болуп саналган жана кыргыз элинин тарыхында маанилүү орунду ээлеген Ысык-Көл топонимиясын бир кыйла алгылыктуу илимий иликтөөгө алынды. Н.Акматов Чаткал районунун топонимиясына мүнөздүү болгон жер-суу аталыштарына да кайрылган. Анын эмгегинде Ала-Баш, Арал, Орто-Суу сыяктуу топонимдер талдоого алынган.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногентетические и историко-культурные связи. - Фрунзе, 1990. – 479 б.
2. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. - Б., 1996. 608 б.
3. Батманов И.А. Способы выражения синтаксических отношений в киргизском языке. - Ф., 1940.15-б.
4. Бураханов К.Н. Казахская зоономия // Ономастика Поволжья 2., Горький 1971.373б.(303-305).
5. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана I. Б., 1997. 560б.
6. Джапаров Н.Р. Согди-ягобский языковой срез в составе топонимии Кыргызстана (Этимолог. анализ) // К.Тыныстанов – XX кылымдын улуу инсаны. - Б., 2002. 256 б. (102-108).
7. Жапаров Ш. Кыргызономастикасы. - Ф., 1990. 177б.
8. Исаев Д. Жер-сууаттарынын сыры. - Ф., 1977. 159б.
9. Конкобаев К. Отражение некоторых диалектных особенностей в топонимии Киргизии. // Тюркологические исследования. - Ф., 1983.150б.(57-66).
10. Мурзаев Э.М. Географическая ориентация у тюрко-монгольских народов//Топонимика СССР. - М., 1990. 95 с. (3-11).
11. Умурзаков С.У. Киргизская оронимическая терминология и оронимия Тянь-Шаня // Ономастика Средней Азии. - Ф., 1980. 309 б (128-135).
12. Юнусалиев Б.М Кыргыздиалектологиясы. - Ф., 1971. 291 б.
13. Абдуллаев Д.Ш. Топонимия Кыргызстана и Великий Шелковый путь. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 11. С. 42-44.
14. Абдуллаев Д.Ш. Оронимия древнего Чаткала в горной системе Кыргызстана. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 11. С. 45-47.